# *Анализ*

Мээнеткеч айылындагы Асан Жансейитов атындагы орто мектебинде 5-9-класстын ата -энелеринен анкета алынды

Изилдөөнүн максаты:

- Окуучунун билим тарбия алуусунда ата-эненин мамилесин, ролун түшүнүү жана мектеп менен байланышын билүү.
- Окуучулардын өз ара мамилелерин келишпестиктерин билүү

Анкета алууда төмөндөгүдөй жыйынтык чыкты:

Катышкан ата-энелердин саны- 158.

Изилдөөнүн датасы: 24.10.2022

1. Силердин көз карашыңарда үй-бүлөлүк тарбиялоодо кандай жаза эффективдүү?

А)коркутуу 13 ата-эне 8,3%

Б) Нааразы болуу 25 ата-эне 16 %

В) Уруп-согуу- 0

Г) Көңүл көтөрүү, үчүн айтылган белектерден баш тартуу 98 ата-эне 62%

Д) Тилдеп урушуу 22 ата-эне 14 %

2. Сиздин балаңыздын мектепте билим алуусунда сизди эмне тынчсыздандырат?

А) Тынчсызданууга себеп жок - 101 ата-эне 63,9 %

Б) Ден соолугу – 9 ата-эне 5,7 %

В) Өтө чарчап келүүсү - 2 ата-эне 1,3%

Г) Окугусу келбегени- 36 ата-эне 22,8 %

Д) Теңтуштары арасындагы мамилеси- 3 ата-эне 1,9%

Ж) Мугалимдер менен болгон мамилеси 3 ата-эне 1,9%

Е) Менин мамилем (балам менен ,кызым менен) 4 ата-эне 2,5 %

3. Балдардын мектептеги тарбия-таалим алуусуна мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы мамилени сиз кандай баалайсыз?

А) Жемиштүү жана эффективдүү -113 ата-эне 71,5 %

Б) Эффективдүүлүгү аз 7 ата-эне 4,4 %

В) Айта албайм -38 ата-эне 24%

4. Мектептин окуу-тарбия иштерине сиз катышасызбы?

А) ооба - 17 ата-эне 11 %

Б) Катышпайм бирок ата-энелер чогулушуна келип турам-130 ата-эне 82,3%

В) Жок -11 ата-эне 6,7%

5. Сиз өз балаңыздын тарбиялуулугуна канаатанасызбы?

А)Ооба - 142 ата-эне 89,9 % Б) анча эмес - 14 ата-эне 8,9 %
В) жок – 2 ата-эне 1,3%

6. Сиздин балаңыз сиз менен мектептеги ой пикири менен бөлүшөбү?

А) Ооба -121 ата-эне 76,6%

Б) Кээде - 30 ата-эне 19 %

В)Жок - 7 ата-эне 4,4 %

7. Балаңыз классташтарына көп таарынабы, даттанабы?

А) Ооба- 5 ата-эне 3,2 %

Б) Кээде - 13 ата-эне 8,2 %

В) Даттанбайт - 140 ата-эне 88,6 %

Жыйынтыгында ата-энелердин балдарга болгон мамилеси жакшы экендиги билинди.Ошондой эле балдардын мектептеги тарбия-таалим алуусуна мектеп менен үй-бүлөнүн ортосундагы мамилени сиз кандай баалайсыз деген суроого ата-энелердин 71,5 % жемиштүү жана эффективдүү деп жооп берген. Демек мектеп менен ата-энелер байланышта мектептен алган билимдерин жана ата-энелер эффективдүү деп эсептешет.Ал эми 4,4% ата-эне айта албайм деп жооп берген,бул ата –энелер кобүн эсе ортоңку звенодогу ата-энелер.Бул ата-энелерди мектепке тартуу жана ата-энелер менен болгон байланышты түзүү керек.7-9-класстын класс жетекчилери тарабынан ата-энелер менен иштөө күчөтүлсүн.

Сиз өз балаңыздын тарбиялуулугуна канаатанасызбы?деген суроого 89,9% ата-эне “Ооба”деп жооп берген. 8,9 % ата-эне “Анча эмес” деп жооп берген.Бул ата-энелер көбүн эсе ортонку класстын ата-энелери болгон.Бул 6-8-класстын ата-энелери менен класс жетекчилер биргеликте иш алып баруу керек.
Балаңыз класссташтарына көп таарынабы,даттанабы? Деген суроого бешинчи класстын окуучуларынын ата-энелери “Кээде” даттанат деп жооп берген Жыйынтыгында бешинчи класстын класс жетекчилери окуучулар менен жекече сүйлөшүү керек.

Сунуштоо: Класс жетекчилер ата-энелер менен бирдикте иш алып баруусу күчөтүлсүн. Ошондой эле ортоңку звенодогу окуучулардын ата-энелери менен тегерек стол, өз алдынча аңгемелешүү жүргүзүлсүн. 8-9-класстын ата-энелери менен класс жетекчилер биргеликте иш алып баруусу керек. Ошондой эле окуучулардын тартибине,жүрүм-турумуна соц.педагог тарабынан көзөмөл жүргүзүлсүн. Башталгыч класстын окуучуларынын класс жетекчилери окуучулары менен жекече сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшсүн.

Директордун милдетин аткаруучу: Э.Ж.Кадырова

Соцпедагог: Э.Ж.Мусаходжаев